УДК : 910. 4

Тутаева Ж.

*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖАРАТЫЛЫШЫН ИЗИЛДӨӨДӨГҮ ИЛИМИЙ САЛЫМ

*Бул макала биздин өрөөнгө саякат жасаган залкар окумушту, коомдук ишмер П.П.Семенов-Тянь-Шанскийдин туулган күнүнүн 180 жана дүйнөлүк илим үчүн Тяншань тоолору менен көл сулуусу Ысыккөлдү изилдегендигинин 150 жылдыгына арналды.*

Асман мелжиген, ак мєўгїлїї Тяншанды изилдеген Семенов-Тян-Шанскийдин ысмы, эмгектери, илимий баалуу табылгалары биздин республиканын эле эмес, дєйнєлїк илимдин тарыхында да кеўири белгилїї.

Петр Петрович жемиштїї, узак жана даўктуу ємїр сїрдї (1827–1914).

Ал 1848-жылы Петербург университетинин жаратылышты таануу бєлїмїн ийгиликтїї бїтїргєн. Россиянын єндїргїч кїчтєрїн окуп їйрєнїїгє єзгєчє зор роль ойногон, атактуу орус Географиялык коомунун 41 жыл бою (1873-1914-жылдары) жетекчиси болду. География илиминин єнїгїшїнє зор салым кошкон, бул коом 1845-жылы негизделип ага К.И.Арсеньев, Ф.П.Литке, И.Ф.Крузенштерн, К.М.Бэр, А.Н.Левшин сыяктуу географ-окумуштуулар баалуу эмгек сиўиришкен.

Дал ошол мезгилдер кєрїнїктїї орус окумуштууларынын Азияда, Африкада, Америкада жана жалпы эле жер бетин таанып-билїїгє, їйрєнїїгє єзгєчє салым киргизген учуру эле. Айрыкча Н.М.Пржевальский, Г.Н.Потанин, Г.Е.Грумм-Гржимайло, В.А.Обручев жана кєптєгєн даўктуу изилдєєчїлєрдїн ысмы, зор урмат менен табият сїйїїчїлєрїбїз тарабынан мактоого арзып келїїдє. Орус Географиялык коомунун жана Петр Петровичтин шыктандыруусунун натыйжасында єзїнїн эў зор тарыхый саякатын ишке ашырган изилдєєчї казак Ч.Валиханов, бурят Цыбинов, поляк Богданович жана башка орус эмес улуттун єкїлдєрї кийин Россиянын кєрїнїктїї илимпоздору болуп калышты. Ушундай мыкты изилдєєчїлєрдїн тобунда єзгєчє кєрїнїктїї орун ошол мезгилде илимге табышмак болуп “Сырдуу єлкє” аталган Тяншанды эў алгачкылардан болуп изилдеген Петр Петровичтин єзїнє таандык.

XIX кылымдын 50-жылдары чокусу асман тиреген, ак мєўгїлїї Тяншанды изилдєє жєнїндєгї учкул сезим алдыўкы орус окумуштууларынын кєўїлїн айрыкча буруп келген. Ошондой ынтызарлардын бири Петр Петрович Семенов болгон. Ал 1849-жылы Эркин экономикалык коомдун сунушу менен Чыгыш Европа тїздїгїнє экспедиция жїргїзгєн. Бул аймакты ар тараптан изилдєє менен єзгєчє єсїмдїктєрдїн тїрлєрїнє кєўїл бурган.

Жаш кезинен жаратылышты жанындай сїйгєн болочок окумуштуу 1851-жылдары ботаника боюнча илимий диссертациясын ийгиликтїї коргогон.

Ал 1853-1855-жылдары Германияда Берлин университетинде ар тїрдїї лекцияларга катышкан. 1954-жылы Везувий вулканына 17 жолу чыгып ар тараптуу экскурсияларды жїргїзгєнї белгилїї. Айрым учурларда ал изилдєєлєр єтє опурталдуу да болгон. Четєлкєдєгї учурунда Германиянын, Швейцариянын, Италиянын жана Франциянын географиясын, геологиясын тереў їйрєнїї менен таанышып, байкоо жїргїзгєн жана кїнїнє 50 км. аралыкты жєє басып Швейцариядан Италияга тоо єткєєлдєрї аркылуу барганы белгилїї.

Ушундай кыйла даярдыктардан кийин саякатчы 1856-жылдын кїзїндє орус аскерлери жайгашкан чеп Верныйдан (Алмата) Иле тоолору аркылуу Кїнгєй Ала-Тоосунун чыгыш тарабындагы Табылгыты ашуусун ашып Ысыккєлдїн чыгышы Тїп булуўуна келген. Бирок, учурдагы саясий ыўгайсыз кырдаалга (Бугу менен Сарбагыш урууларынын чабышы) байланыштуу чакан отряды менен Верныйга кайра кайтат. Ошол учурдун мезгил талабына сереп салсак П.П.Семенов єзї

ойлогон максатына илимий негизде канагаттанбаган болсо да, бул өрөөнгө келүү чынында зор эрдик эле.

Эмдиги максат Ысыккөлдүн батыш тарабына баруу болгондуктан, кыска тыныгуудан соӊ, 90 кишинин коштоосунда Заили Алатоосунун этеги менен Сууктөбө (Кастек тоосундагы) ашуусунан Чүй өрөөнүнө өтүп, ак мөӊгүсү күнгө чагылышкан Кыргыз Алатоосунун келбетине суктанганын жазганы бар. Саякатчы Чүй өрөөнүнөн Боом капчыгайына келет, ал жөнүндө күндөлүгүнөн төмөндөгүлөрдү окуйбуз “Биз Боом капчыгайына киргенибизде ал абдан кууш тартып, көп кыйынчылыктарга дуушар кылды. Татаал жалгыз аяк жол менен күүктөп аккан шар суунун бирде бул, бирде тигил жээгине өтүп кээде бийик беттеги өтү коркунучтуу кыя менен жүрүүгө туура келди. Мындай жерлерде жүктү өзүбүз көтөрүп, атты жетелөөгө мажбур болдук”.

Бул саякат учурунда Ысыккөлдүн батыш жээги, Тяншань тоо системасынын түндүк тармактары, Чүй суусунун жогорку агымы изилденди да, ал көлгө куйбай (12-13 км. жетпей) Боом капчыгайына ага тургандыгы, Тяншань тоолору “вулкандык” тоо деген түшүнүк туура эмес экендиги далилденди. Ошондон улам П.П. Семеновдун Борбордук Тяншанды, Ысыккөлдү  изилдөөсүнүн мааниси илимий зор табылга болгон.

Бул жолку саякатынын отрядын (58 киши) жергиликтүү калк меймандостук менен кабыл алышып, экспедицияны узатып жүрүүгө жолду жакшы билген 12 киши, унаа катары пайдаланууга ат, төө беришип байсалдуу сапар каалашкан. 1857-жылы 7-июнда Заили Алатоосунун чыгышы аркылуу Санташта, андан соӊ Жогорку Нарын сыртында, Кызылкыя тоосунда, Тескей Алатоосун этектеп жүрүп отурушуп Аксуу, Жетиөгүз капчыгайларынын кооз ландшафттарына байкоо жүргүзүшү, Чоӊкызылсуу, Жуукунун бассейнине чейин жетишет. Андан ары 4000 метр келген татаал Кашкасуу ашуусу аркылуу Арабелдин сыртына келет да 700 метрге созулуп аккан Нарындын бир куймасы АраБел суусун жана өсүмдүктөрдүн ал кезде белгисиз түрлөрүн аныктаган. Саякатчынын көөӊүлүн бурган Тяншань тоолорунун дал өзөгү залкар Хантеӊири (Кантоо дешчү) эле. Ошол максат менен Тескей Алатоосунун чыгышындагы Көк-Жар ашуусу аркылуу Сарыжаз өрөөнүнүн бассейнине жетип, бийиктиги 6995 м. типтик пирамиданы элестеткен эбегейсиз зор Хантеӊири тоо массивин, Тяншандын сыртын европалыктардан тарыхта биринчи болуп көргөн жана изилдеген. Илимде бул өзгөчө зор, маанилүү окуя болду. Петр Петрович Тяншанды үч жолу туурасынан кесип өтүп, Күнгөй Алатоосунан 150, Тескей Алатоосунунан 200 км. аралыкты басып өткөн.

П.П.Семеновдун 1856-1857 жылдардагы саякаты өтө ийгиликтүү болду жана келечектеги саякаттар үчүн жакшы натыйжаларга жол ачты. Немец окумуштулары А.Гумбольттун, К.Риттердин Тянь-Шандын географиясы жөнүндөгү айрым маалыматтарына туура эмес деген тыянак чыгарылды. Борбордук Тяншандын, Ысыккөлдүн Нарындын башталышына чейин геологиялык разрез (тоо тектеринин катталышын, түзүлүшүн көрсөткөн схема) жасаган, тоо тектеринин эӊ сонун үлгүлөрүн жыйнаган, жаныбарлар, өсүмдүктөр дүйнөсүн, гидрографиясын, мөӊгүлөрүн так сүрөттөп жазган. Өрөөндүн аба-ырайына байкоо жүргүзүп “Күнгөй жакка караганда көз алдыӊа тартылган көл андан ары асман мелжиген кырка тоо, - мындан ашкан ажайып көрүнүш болооруна ишенүү кыйын. Сапфир сымал көп-көк тарткан Ысыккөл айтылуу Женева көлүнүн түсү менен теӊтайлашат” деп баа берген. Көптөгөн минералдардын, тоо тектеринин түрлөрү, гербарий, үлүл, курт-кумурскалардын коллекциялары жыйналган жана аймактын этнографиясы боюнча бай материалдар топтолгон. Илимий байкоолордун натыйжасында Тяншанда өсүмдүктөрдүн бийиктик тилке боюнча өзгөрүү закончөнемдүүлүгүн аныктаган жана ондогон жаӊы түрлөрүн ачкан. Сарыжаз дарыясынын башталышынан эӊ зор 5 мөӊгүнү, 23 тоо ашууларын изилдеп, 50 пункттун бийиктигин аныктаган. Өзү ачкан мөӊгүлөрдүн бири кийин (1886-ж.) “Семенов муздугу” деп аталган.

Ал 1907-жылы өзүнүн “Тяншанга саякат” деген эӊ сонун китебин жазган. Эмгек ачык-айкын, элестүү келип, өтө көркөм даярдалган, бирок басмадан 1946-жылы жарык көргөн.

Тяншандык саякатынын жӱрӱшӱндө окумуштуу жергиликтӱӱ элдердин турмушуна, чарбасына өзгөчө кызыгуу менен байкоо жӱргӱзӱп, айрыкча кыргыздардын кайраттуулугуна, нукура сезимдӱӱлӱктөрӱнө, бейпилчилик жана достукту сӱйөрӱн, меймандос, кеӱпейилдӱӱлӱктөрӱн өтө урматтап, жогору баалаган.

1856-1857-жылдары Петр Петрович Семеновдун саякаты Тяншанды изилдөөнӱн жаӱы этабына жол ачты жана өзӱнӱн ишмердиги окумуштуунун ысмын дӱйнөнӱн картасына тӱбөлӱккө калтырды. 1906-жылы фамилиясына “Тян-Шанский” деген ардактуу кошумчаны алуу бактысына ээ болгон, бул фамилия балдарына, неберелерине да өткөн. География коому Семенов атындагы алтын медаль чыгарууга чечим кылган.

Петр Петрович Россияда статистиканын өнӱгӱшӱнө да зор салым кошкон. 1863-1885-жылдары 5 томдон турган (Россия империясынын географиялык статистикалык) сөздӱктө басмадан чыгарткан жана 1897-жылдагы жӱргӱзӱлгөн биринчи эл каттоонун жетекчиси болгон. Илимдин көп тармагынан маалыматтуу окумуштуу көптөгөн илимий коомдордун, 53 илимий мекемелердин (Россиялык жана чет өлкөлӱк) мӱчөсӱ жана мӱчө-корреспонденти, Орус география коомунун вице-президенти, мамлекеттик ири ишмер болгон. Россиянын илимдер Академиясынын ардактуу мӱчөсӱ, 25 жыл бою энтомология (Россиянын) коомунун президенти болуп жемиштӱӱ эмгек сиӱирген.

Муз чокулуу, асман тиреген Алатоону кӱнөстӱӱ крайыбыздын сыймыгы көл сулуусу чалкыган Ысыккөлӱбӱздӱ сӱйгөн залкар окумуштуунун идеялары менен Н.М. Пржевальскийдин, Г.Н. Потаниндин, П.А. Кропоткиндин, В.И. Роборовскийдин, В.А. Комаровдун, Ч.Ч. Валихановдун, Н.А. Северцовдун, Б.А.Федченконун (А.П. Федченконун уулу) жана Л.С. Бергдин илимий экспедициялары уюштурулган.

1874-жылы П.П.Семенов Петербургдагы сӱрөт академиясынын ардактуу мӱчөсӱ болуп шайланган. Ал фламандык жана голландиялык коллекцияларын (700 сӱрөт, 3500 гравюра) 1910-жылы Эрмитажга тапшырган жана ал жыйнаган 100гө жакын өсӱмдӱктөрдӱн, жаныбарлардын коллекциясы, курт-кумурскалардын 700 миӱ даанасы Россиянын илимдер Академиясынын зоологиялык музейинде сакталуу.

Азыркы учурда Борбордук Тяншандагы мөӱгӱгө, чокуга, Кукунор көлӱ жакта “Семенов тоосу”, монголдук Алтайда “Петр Петрович тоосу”, Боом капчыгайындагы Чӱй суусуна салынган көпӱрөгө, жергебизде өскөн өсӱмдӱктөрдӱн 21 тӱрӱнө (өзӱ ачкан), ошондой эле Аляскадагы, Шпицбергендеги жана Тяншандагы тоолорго П.П.Семенов – Тяншанскийдин ысмы берилген.

1980-жылы сентябрь айында СССР дин Географиялык Коомунун VII съезди Кыргызстанда өтӱп, улуу саякатчынын Балыкчы шаарындагы эстелигинин ачылышына шайкеш келди. Эстеликти ачуу көптөгөн улуу даражалуу меймандардын катышуусу менен абдан салтанаттуу кырдаалда өткөрӱлгөн. Бул улуу саякатчыга, коомдук ишмерге, залкар окумуштууга арнаган кыргыз элинин урмат-сыйынын зор кӱбөсӱ.

Петр Петрович Семенов Тян-Шанский 1914-жылы 88 жашар курбалында дӱйнөдөн кайткан. Мезгил талабына ылайык асман мелжиген Тяншандын сырдуу табиятын ӱйрөнӱӱ кыйла өркӱндөдө, көп сандаган илимий изилдөөлөр, альпинисттердин бир нече экспедициялары мурдагы айрым корутундуларга жаӱы толуктоолорду киргизди. Кээбир илимий маалыматтар эскирсе да, Петр Петрович кыргыз эли менен достуктун башатында болуп калтырган баалуу илимий табылгалары эӱ сонун мурас болуп саналат. П.П.Семенов Тяншанскийдин физикалык жана экономикалык география боюнча жазган эмгектери, биздин кӱндөрдӱ да табият сӱйӱӱчӱлөрдӱ, көптөгөн илимпоздорду кайдыгер калтырбай тереӱ урматтоого татыктуу.

Улуу саякатчынын илимий табылгаларын дагы тереъдетип изилдөө келечекте жаъы илимий тыянактар менен байытуу, ӱйрөнӱӱ, максатка ылайыктуу;

- Борбордук Тяншандын мөӱгӱлөрӱн илимий негизде ар тараптуу изилдөө жана коргоо;

- Ысыккєлдїн тарыхын, жаратылыш ресурстарын, айрыкча минералдык сууларын дагы тереъ изилдєє, курорттук-рекреациялык жана туризмди єркїндєтїїгє пайдалануу;

- Экологиялык туризмди єнїктїрїї;

- Улуу Жибек Жолу боюнча эл аралык туризмди дїйнєлїк стандартка ылайык єркїндєтїї;

- Тяншандын жаратылыш ресурстарын эл чарбасына сарамжалдылуук менен илимий негизде пайдалануу ж.б.;

**Адабияттар**


1. Алдан А. Семенов-Тян-Шанский. -Ф. : Мектеп. 1984.
2. Козлов И.В. Петр Петрович Семенов-Тян-Шанский. -М.: Просвещение, 1983.
3. Азатьян. А. Выдающиеся исследователи природы Средней Азии. – Ташкент: Средняя и высшая школа. -1960.
4. Исаев А., Алиев Э., Токомбаев Ш. Тоо койнундагы кєгїлтїр бермет. -Ф.: Кыргызстан . -1982.